# Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети Кыргызстандын Түштүк чөлкөмүндө заман талабына ылайык потенциалдуу адистерди даярдоочу КУУнун түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.

Өлкөбүздүн эгемендүүлүккө ээ болуусу менен Кыргызстанды дүйнөгө илим-билим аркылуу таанытуу максатында жана билим алууга болгон суроо-талаптын жогорулоосунан улам 1992-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кыргыз-европа факультетинин Ош филиалы уюшулган.

Окуу жай – ордолу Оштун ошондой эле өлкөбүздүн түштүк регионунун ошол кездеги кадрдык суроо-талабын эске алуу менен укук коргоо жана сот органдары, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө потенциалдуу кадрларды даярдоонун ордосу болгон.

1996-жылы Ж. Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чеими менен КЕФтин Ош филиалы, КУУнун Билим берүү программалаларын интеграциялоо институтунун Ош филиалы, 2012-жылы Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен КУУнун колледжи, 2016-жылы КУУнун экономика жана педагогика факультети, 2020-жылы КУУнун ректорунун буйругу жана камкарчулар кеңешинин токтому менен Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети болуп кайра ушулган.

Окуу жайды 1993-1994-жж. О. Аланов, 1994-1999-жж. Ильяев Александр Павлович, 1999-2013-жж. Мадалиев Нуркамил Апишевич, 2013-2016-жж. Гапаров Турсунали Абдимиталипов, 2017-2021-жж. Эркулова Гульмира Каратаевна, 2021-2023-жылдарда Абдуганиев Каныбек Абдумуталович жетектеп келген. 2023-жылдан тартып саясий илимдер кандидаты, доцент Абдыраева Гулмира Рахматилаевна жетектеп келет.



**Факультет бүгүнкү күндө бакалавр багытында боюнча:**

- Педагогика жана башталгыч билим берүү;
- Дене тарбия жана спорт;
- Юрипруденция;
- Экономика жана бухгалтердик эсеп.

**Орто кесиптик билим берүү багыты боюнча:**

- Экономика жана бухгалтердик эсеп;
- Каржы (тармактар боюнча);
- Укук таануу;
- “Автоматташтырылган системалар жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо;
- Мектепке чейинки билим берүү;
- Башталгыч класстарды окутуу” адистиктери боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып келет.

Факультетте 61 окутуучу эмгектенип, алардан 2 илимдин доктору, профессор, 8 илимдин кандидаты жана доценттер, 2 ага окутуучу, 2 эл агартуунун мыктысы жана билим берүү чөйрөсүндө мол тажрыйбага ээ окутуучулар студенттерге жеткиликтүү билим берүүдө үзүрлүү эмгектенип келишет.




**Факультеттин уюштуруу структурасын 2 бөлүм камтыйт:**

Жогорку кесиптик билим берүү бөлүмү;

Орто кесиптик билим берүү бөлүмү.

Бөлүмдүн окутуучулары шаардык жана республикалык, факультеттин, университеттин иш-чараларына, ошону менен бирге регионалдык, республикалык жана эл аралык деңгээлдеги илимий конференцияларга активдүү катышып келет.





Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ош шаарындагы ГТИФ билим берүү тармагында билим берүү сапатын арттыруу максатында эл аралык кызматташтык алкагында Андижан мамлекеттик педагогикалык институту жана Россия Федерациясынын Москва финансы-юридикалык университети (МФЮА) менен окуу-усулдук, илимий чөйрөдө өз ара иш алып барат.

Окуу жай өз ишмердүүлүгүн заман талабына ылайык шайкеш келтирүү максатында жыл сайын иш берүүчүлөр жана кызыктар тараптар менен жолугушуу өткөрүп келет. Жолугушуунун максаты - бүгүнкү күн талабына жараша адистерди даярдоодо алардын пикирин, суроо-талаптарын эске алып, жетекчиликтин макулдашуусу менен адистиктер боюнча окуу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүү менен учурдун талабына ылайык кадрларды даярдоо болуп эсептелет.




Окуу жайда бүгүнкү күндө жогорку билим берүү багытында 362 студент, орто кесиптик билим берүү багытында 1066 студент билим алат.



Факультет мезгил талабына жооп берген окуу аудиториялары, компьютердик класстар жана китепкана менен жабдылып, студенттердин билим алуусу үчүн ар тараптуу шарттар түзүлгөн,

Факультетте билим алып жаткан студенттер регионалдык жана республикалык илимий конференцияларга илимий макала жана баяндамалары менен активдүү катышып келет. Ошондой эле ОшМУ, КӨЭАУ, ОшТУ, ОшМПУ окуу жайларында мобилдүүлүк багытында билим алышууда.

Студенттердин илим-билимге болгон кызыгуусун арттыруу максатында студенттердин илимий-практикалык конференциялары жана түрдүү маданий-массалык иш-чаралар үзгүлтүксүз өткөрүлүп келет.

